КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXI сессиясы**

**Токтом № 89**

**Сүлүктү шаары** **26.12. 2022-жыл**

**Сүлүктү шаарынын Кош-Булак поселкалык аймагынын Т. Марипов көчөсүндө жайгашкан №15 турак үйдү жана ага тиешелүү 1,8814 м2 жер тилкесин КРнын УКМК чек ара кызматынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 26.12.2022ж. 01-12/2482 сандуу Сүлүктү шаарынын Кош-Булак поселкалык аймагынын Т. Марипов көчөсүндө жайгашкан **№15 турак үйдү жана ага тиешелүү 1,8814 м2 жер тилкесин** КРнын УКМК чек ара кызматынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин "Муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жер Кодексинин" 18, 32 беренелери, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 34 беренеси, "Мүлккө муниципалдык менчик" жөнүндө Мыйзамынын 2, 11, 18, 19 беренелеринин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын Кош-Булак поселкалык аймагынын Т. Марипов көчөсүндө жайгашкан №15 турак үйдү жана ага тиешелүү 1,8814 м2 жер тилкесин КРнын УКМК чек ара кызматынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Аскер бөлүгү кайра кеткен учурда же максатсыз пайдаланылган учурда аталган үйлөр, ага тиешелүү жер тилкеси жана инфраструктуралык курулуштар Сүлүктү шаарынын муниципалдык менчигине кайтарылуу жагы каралсын.
3. Т. Марипов көчөсүндө жайгашкан №15 турак үйдүн жашоочулары менен тийиштүү иш алып баруу жагы Сүлүктү шаарынын мэринин биринчи орун басары И. Бабаевге жана КРнын УКМК чек ара кызматына тапшырылсын.
4. Токтомдун 2 пунктунда көрсөтүлгөн маселе боюнча тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Сүлүктү шаардык мэриясына милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага : Р. М. Жайнаков